**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул. Пушкина, 50
тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg

№ ЖЛ-4 «10» 02 2023

Сизд.чыг. (На) №_____________ «_____» __________ 20___

**Т.Б. Жунусбековго**
*Дареги:Бишкек шаары,*
*Лермонтов көчөсү33, 17/2 б.;*
*Тел.:0551255050*

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссия) Сиздин 2023-жылдын 6-февралындагы арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары - конституциялык Мыйзам) 45-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө ылайык:

«*Шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө чечимдерине талапкерлер, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партиялар, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана байкоочулар арыздар (даттануулар) менен кайрыла алышат.*

*Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тууралуу участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине округдук, аймактык шайлоо комиссияларына даттанылат; аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерине Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат; Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерине биринчи инстанциядагы сотко даттанылат; биринчи инстанциядагы соттун чечимдерине Жогорку сотко даттанылат.*

***Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып, 3 календардык күндүн ичинде берилет».***

Ошону менен бирге, ушул эле берененин 5 жана 10-бөлүктөрүнө ылайык, ***«Кабыл алынган чечимдерге арыздар (даттануулар) чечим кабыл алынган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет»,***

***«Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр бүткөндөн кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт».***

Мындан тышкары, конституциялык Мыйзамынын 37-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык: ***«Борбордук шайлоо комиссиясы сөзсүз түрдө жыйынтыктоочу жыйын өткөрөт, анда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү мыйзам бузуулар жөнүндө келип түшкөн бардык арыздарды (даттанууларды) карайт, ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алат».***

№21 Талас шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоонун натыйжалары Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы «Бир мандаттуу № 21 Талас шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо натыйжалары тууралуу» №832-токтому менен аныкталган.

Ошентип, аталган чечим шайлоо процессинин субъекттери тарабынан даттанылбаганына байланыштуу, ал мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирди.

Ал эми, жогоруда белгиленген Борбордук шайлоо комиссиясынын токтомунун 2-пункту менен №21 Талас бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп Чойбеков Бактыбек Каныбекович катталган.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 45-беренесине ылайык, даттанууга белгиленген мөөнөттөрдүн бүтүшүнө байланыштуу Сиздин арызыңыз Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кароого жатпагандыгын билдиребиз.

**Төраганын орун басары** **Т.У.Шайназаров**

Атк: УКБ жет. Адиси - М. Озеров, 0312620184